**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын кезектүү отурумунун**

# №3 ПРОТОКОЛУ

**2025-жылдын 21-октябры**

*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 20
4. Катышпагандар: 0

**Күн тартибинде:**

1. **I модулга карата даярдыктар, түзүлгөн тесттик суроолордун абалы жана аларды бекитүү жөнүндө (Жооптуу: дисциплина башчылары);**
2. **ПО курамынын усулдук семинарларга катышуусу жана квалификациясын жогорулатуусу жөнүндө (Жооптуу: ОУКнын төрайымы К.Максимова);**
3. **Кафедранын материалдык-техникалык базасынын абалын анализдөө жөнүндө (Жооптуу: С.Дж.Джолдубаев);**
4. **ОшМУнун миссиясын талкуулоо жөнүндө (Жооптуу: ПО курамы);**
5. **Жайкы кабыл алуунун 1-курстарына адаптациялык жумалык уюштуруу жөнүндө (Жооптуу: Т.Р.Пайзилдаев);**
6. **Студенттердин билим деңгээлине диагностикалык баалоону (1-курс) жана калдык билимдерин (2-курс) текшерүүнү уюштуруу, жыйынтыгын анализдөө жөнүндө (Жооптуу: З.Тойчиева, К.Максимова);**
7. **Ар түрдүү маселелер.**

**1.Угулду. Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөзгө чыгып,** ПО курамын күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырып өттү. Андан соң I модулга карата даярдыктар, түзүлгөн тесттик суроолордун абалы кандай экендигин билүү үчүн дисциплина башчыларына сөздү узатты.

**1.1.Угулду. Сөзгө чыккандар: кафедранын улук окутуучусу М.К.Нуруев**: "ОХТА предмети боюнча тесттерди даярдап жатабыз, жуманын акырына чейин бекитүүгө беребиз",- деп жооп берди.

**1.2.Физиология предмет башчысы Т.Р.Пайзилдаевге сөз берилип,** ал сынактык тесттер эчак даяр экендигин, аларды бекитүү гана керектигин билдирди.

Сканировано с CamScanner

**1.3. Анатомия предмети боюнча Асанбек кызы Канымгул сөзгө чыкты**: ал 1-курстар үчүн окуу эртеңден башталарын, азырынча бир гана кышкы кабыл алуунун студенттерине окуу жүрүп жаткандыгын айтып, алар үчүн тесттер түзүлүп, даяр деп билдирди.

**2.Угулду. ОУКнын төрайымы К.Максимова сөзгө чыгып,** окутуучулардын быйылкы окуу жылына карата усулдук семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга, стажировкаларга баруу жана квалификациясын жогорулатуу курстарына катышуусу боюнча болжолдуу перспективдүү пландарын берүүнү өтүндү.

**3. Угулду: Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улай:** "Быйылкы окуу жылы башталгандан бери кафедранын материалдык-техникалык базасын толуктоо жана чыңдоо максатында ректорго Морфокорпусту оңдоп-түзөө иштерине билдирүү жаздык, бирок жообу келе элек, ошондой эле АЧДнын директоруна 2 комплект компьютерге өтүнмө жаздык, бирок ал киши компьютерлер азырынча ОшМУнун кампасында жоктугуна байланыштуу кийинчерээк маселени карап беребиз деди, андан тышкары быйылкы окуу жылында кабыл алынган студенттердин саны 1000ден ашкандыгына байланыштуу 1 тайпадагы студенттердин саны 16-17 болуп жаткандыгына үчүн, биз дагы 20 отургучка да өтүнмө бердик, бирок азырынча стулдарды да бөлүп берише элек, антсе да жакын арада берилип калса керек деген үмүттөбүз",- деп айта кетти.

**4.Угулду. Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев:** "ОшМУнун миссиясын университетибиздин ар бир кызматкери, ар бир студенти жатка билүүсү шарт. Эстете кетсем, ал ОшМУнуӊ Окумуштуулар Кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы №7-жыйынынын протоколунун негизинде бекитилген. ОшМУнун миссиясы төмөндөгүчө: "Жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо". Миссиянын мааниси өтө терең, өзү кыска жана нуска, ошондуктан аны билбегендерге жаттап алуу кыйынга турбаса керек деп ойлоймун",- деп сөзүн жыйынтыктады.

Кафедра башчынын сөздөрүнө жалпы коллектив ынанып, макул болушту.

**5.Угулду. Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев 1-курстарга адаптациялык жумалык уюштуруу маселеси боюнча сүйлөдү:** "1-курстарга эртенден баштап, башкача айтканда 22-октябрдан баштап окуу башталарын эскертем. Бул жума аларга адаптациялык жума болот. Аны кафедрабыздын улук окутуучусу жана факультеттин тарбиялык иштери боюнча декандын орун басары Т.Пайзилдаев тарабынан уюштурулуп, өткөрүлөт",- деп эскерте кетти.

**6.Угулду. Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөзгө чыгып,** 1-курстардын студенттеринин билим деңгээлине диагностикалык баалоону жана 2-курстун студенттерине калдык билимдерин текшерүүнү уюштурууга

Сканировано с CamScanner

даярдык көрүү керектигин айтып, сөздү кафедранын окуу-усулдук иштери боюнча жооптуу К.З.Максимовага узатты.

**6.Угулду. Кафедранын окуу-усулдук иштери боюнча жооптуу К.З.Максимова сөзгө чыкты**: "Биз, чет өлкөлүк 2-курстун студенттери үчүн "Human anatomy", "Human histology", "Human physiology" предметтеринен, ЛКУнун студенттери үчүн "Анатомия человека" предметинен 30-октябрдан баштап 1-ноябрга чейин калдык билимдерин текшерүүнү өткөрөбүз деп пландап жатабыз. Ага анатомия жана гистология предметтери боюнча 4 вариантта 20 суроодон тест даярдалып жатат. Аны гугл дискке жүктөп, онлайн тест кабыл алабыз жана студенттер тестти чечүүдө жасалма акылды пайдаланбашын көзөмөлдөп турабыз. Бардык тесттер алынып бүткөндөн соң жыйынтыгын анализдеп, эсеп-кысабын жасайбыз. Ал эми 1-курстарга диагностикалык тестти сынактан кийин гугл-тест аркылуу алууну уюштуралы деп пландап жатабыз", -деп сөзүн жыйынтыктады.

**7. Угулду. Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улантты:** "Урматтуу коллегалар, кийинки жумада 2-курстар үчүн модулдук жума башталат, ошого модулдук жумада саат 17.00дөн кийин кафедрада окутуучулар да, студенттер да калбашы керектигин эсиңиздерге салайын. Студенттердин модулдук баллдарын өз убагында MyEdu порталына жүктөп коюңуздар жана корруциялык иштерден алыс болуңуздар деп дагы бир ирет эскертип кетем. Дагы бир айта кетчү нерсе - жакында TOEIC англис тилинен эл аралык тест тапшырганы турасыздар, баарыңыздарга ийгилик каалаймын, жогорку баллдарга тапшырып алышыңарга тилектешмин", - деп сөзүн жыйынтыктады.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы төмөнкүдөй

**Токтом кылат:**

1. **Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаевдин сунуштары эске алынсын.**

   1.1. **I модулга карата даярдыктар көрүлсүн жана түзүлгөн тесттик суроолор бекитилсин.**

2. **ПО курамынын усулдук семинарларга катышуусу жана квалификациясын жогорулатуусу боюнча перспективдүү пландары К.Максимовага берилсин.**
3. **Кафедранын материалдык-техникалык базасын чыңдоо аракеттери улантылсын.**
4. **Кафедранын ПО курамына ОшМУнун миссиясы жөнүндө маалымат жеткирилсин жана аны билүүгө милдеттендирилсин.**

Сканировано с CamScanner

5. **Жайкы кабыл алуунун 1-курстарына адаптациялык жумалыкты уюштуруу Т.Пайзилдаевге жүктөлсүн.**
6. **1-курстун студенттерине билим деңгээлин аныктоо боюнча диагностикалык баалоону жана 2-курстун студенттерине калдык билимдерин текшерүүнү уюштуруу, жыйынтыгын анализдөө К.Максимовага жүктөлсүн.**
7. **Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев тарабынан берилген маалымат эске алынсын. Модулдар учурунда коррупциялык иштерге жол бербөө боюнча ПО курамына эскертилсин.**

**Төрага:** **С.Дж.Джолдубаев**

**Катчы:** **Ү.К.Ташимбетова**

Сканировано с CamScanner

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Эл аралык медицина факультети**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология**
**кафедрасынын кезектүү отуруму**

**2025.21.10.**

**КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Джолдубаев Сагынбек Джаркынбаевич | Кафедра башчысы, м.и.к., доцент | | |
| 2 | Аргынбаева Акмарал Турдалыевна | Б.и.к., доцент | | |
| 3 | Тороев Дурусбек Исанович | Улук окутуучу | | |
| 4 | Нуруев Мирлан Камалович | Улук окутуучу | | |
| 5 | Асанбек кызы Канымгул | Улук окутуучу | | |
| 6 | Пайзилдаев Тимур Рашидинович | Улук окутуучу | | |
| 7 | Алимбекова Айпери Алимбековна | Окутуучу | | |
| 8 | Ашимов Урмат Арстанбекович | Окутуучу | | |
| 9 | Байгашкаев Эртегин Сапарбекович | Окутуучу | | |
| 10 | Бакиров Санжар Бакирович | Окутуучу | | |
| 11 | Киргизбаева Умида | Окутуучу | | |
| 12 | Максимова Канышай Зариповна | Окутуучу | | |
| 13 | Манас кызы Уулкан | Окутуучу | | |
| 14 | Орозбек уулу Турсунбек | Окутуучу | | |
| 15 | Ташимбетова Умут Капаровна | Окутуучу | | |
| 16 | Тойчиева Зарина Жамалдиновна | Окутуучу | | |
| 17 | Эргешова Аида Масалбековна | Окутуучу | | |
| 18 | Шералиева Самара Ибраимовна | Методист | | |
| 19 | Кубанычбек кызы Асел | Лаборант | | |
| 20 | Сонунбек кызы Бубусара | Улук лаборант | | |

Сканировано с CamScanner